**Ош мамлекеттик университети**

**Математика жана информациялык технологиялар факультети**

**МИОТжББМ кафедрасы**

**Ыктыярдуу жоопкерчилик**

Ош шаары 05.11.2021

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-августундагы №370 «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндөгү», 2021-жылдын 28-ноябрындагы "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону эркин, таза жана ачык-айкын өткөрүүнү камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө» жарлыгын, "2021-жылдын 28-ноябрында өтө турган КР ЖК депутаттарын шайлоо процессине карата Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын "Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануунун жол берилбестиги" жөнүндөгү 21-1-беренесинин талаптарын аткарууга жана шайлоо өнөктүгүнө карата өлкөдө болуп жаткан кырдаалга байланыштуу өз ыктыярым менен төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттенем:

- Кайсыл бир саясий партиянын же талапкердин пайдасына карата агитациялык иштерге катышпоо;
- Шайлоого байланыштуу агитациялык маалымат материалдарын чыгарбоо жана таратпоо (ошону менен бирге социалдык тармактардан, интернет каражаттарынан);
- Шайлоо өнөктүгүнө байланышкан иш чараларда кызматтык абалымдан пайдаланбоо;
- 2021-жылдын 29-октябрындагы Административдик кеңештин №6 отурумунун чечиминин негизинде чыгарылган ОшМУнун ректорунун тескемесиндеги талаптарды аткаруу;
- Бул мыйзамдык актылардын талаптары жөнүндө өз структурамдагы ар бир профессордук-окутуучулук курамга, кызматкерлерге жана студенттерге маалымат жеткирүү
- ОшМУнун студенттерин агитациялык жана башка иштерине тартпоо.

Бул милдеттенмедеги көрсөтмөлөрдү аткарбасам, жоопкерчиликти өз мойнума аламын.

| № | Фамилиясы, аты-жөнү | Кызмат орду | Колу |
|---|---|---|---|
| 1 | Келдибекова Аида Осконовна | Кафедра башчы | [signature] |
| 2 | Алтыбаева Мейликан Алтыбаевна. | Доцент | [signature] |
| 3 | Аттокурова Анаркан Джалиловна. | Доцент | [signature] |
| 4 | Оморов Шермамат Дубанаевич. | Доцент | [signature] |
| 5 | Тагаев Уметалы Боястанович. | Ага окутуучу | [signature] |
| 6 | Култаева Динара Чокоевна. | Доцент | [signature] |
| 7 | Токтомамбетова Жамилякан Сакибаевна. | Улук окутуучу | [signature] |
| 8 | Садыков Замирбек Маматхалилович. | Ага окутуучу | [signature] |
| 9 | Авазова Элнура Токтогуловна | Окутуучу | [signature] |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 10 | Мамыргазы кызы Кайыргүл | Методист | |
| 11 | Темирова Шахризада Шайдулаевна | Методист | |

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Ош шаары**

**ОшМУнун Административдик кеңешинин 2021-жылдын 29-октябрындагы №6 жыйыны**

**Ар түрдүү маселелер**

**ТЕСКЕМЕ**

2021-жылдын 28-ноябрында өтө турган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо процессине карата Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 21-1-беренесине ылайык:

1. ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынан кайсыл бир талапкердин ыйгарым укуктуу окулу, агитатору катары катталса, анда анын университеттеги кызматтык милдеттери токтотулат;

2. Шайлоо процессине байланышкан жолугушууларды, тегерек столдорду ж.б.у.с. иш чараларды университеттин аймагында, студенттик жатаканаларда өткөрүүгө тыюу салынат;

3. Шайлоо процессине байланышкан баракчалар, постерлер ж.б.у.с. маалыматтык ресурстарды университеттин аймагында, студенттик жатаканаларда, университеттин официалдуу сайтында, социалдык тармактарында таратууга тыюу салынат;

4. Талапкерлер менен жолугушууга, талапкерлерди үгүттөгөн жолугушууларга окуу жана жумуш убактысында студенттердин, кызматкерлердин катышуусуна тыюу салынат;

5. Жогорудагы пункттар боюнча бузуулар аныкталган учурда КРдин мыйзамдарынын негизинде жоопкерчиликке тартылат.

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К.Г. Кожобеков**

ТЕСКЕМЕ

2021-жылдын 28-ноябрында өтө турган КР ЖК депутаттарын шайлоо процессине карата Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 21-1-беренесине ылайык төмөнкүлөрдү БУЙРУК кыламын:

1. Шайлоону өткөрүүдө ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамы кайсыл бир кандидаттын ыйгарым укуктуу өкүлү, агитатору катары катышуу үчүн университетте убактылуу кызматтык милдеттерин токтотуу жөнүндө арызынын негизинде ректордун буйругу менен гана жүргүзөт;

2. Шайлоо процессине байланышкан жолугушууларды, тегерек столдорду ж.б.у.с. иш чараларды университеттин аймагында, студенттик жатаканаларда өткөрүүгө тыюу салынат;

3. Шайлоо процессине байланышкан баракчалар, п…

21-1-берене. Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануунун жол берилбестиги

1. Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу - бул талапкерлер, кызмат адамдары, мамлекеттик жана муниципалдык уюмдардын жетекчилери, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмаларынын мүчөлөрү жана уюштуруучулары шайлоодо, алардын мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчыларды же мамлекеттик, муниципалдык ишканалардын, мекемелердин, мамлекеттик (муниципалдык) катышуунун үлүшү 30 пайыздан ашкан ишканалардын жумушчуларын контролдоосунун, бардык талапкерлердин теңдигин бузган тигил же бул талапкерлерди, саясий партияларды колдоонун саясий же башка формаларына өзгөрүп кетиши мүмкүн болгон финансыны жана аны бөлүштүрүүнү контролдоонун натыйжасында алынган адамдык, финансылык, материалдык, медиалык, институционалдык ресурстарды мыйзамсыз пайдаланышы.

2. Административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдалануунун түрлөрүнө төмөнкүлөр кирет:

1) талапкерди көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө болгон ишти жүзөгө ашыруу үчүн карамагындагы же башка кызматтык көз карандылыкта турган адамдарды, башка мамлекеттик же муниципалдык кызматчыларды, мамлекеттик же муниципалдык билим берүү уюмдарынын жана саламаттык сактоо мекемелеринин кызматчыларын, республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу мекемелердин жана

уюмдардын кызматкерлерин, аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун кызматкерлерин тартуу;

2) эгерде башка талапкерлер ушул эле жайларды ушундай эле шарттарда пайдалана албаган учурда, талапкерди көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө болгон ишти жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик органдар же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ээлеген жайларды пайдалануу;

3) талапкерди көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө болгон ишти жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик мекемелердин же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштөөсүн камсыз кылуучу телефондук, факсимиле жана башка байланыш түрлөрүн, маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдү, уюштуруу техникасын пайдалануу;

4) талапкерди көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө болгон ишти жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган транспорттук каражаттарды акысыз же жеңилдетилген шарттарда пайдалануу;

5) мамлекеттик же муниципалдык кызматчылардын, республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу мекемелердин жана уюмдардын кызматкерлеринин, аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун кызматкерлеринин кол чогултуусу, шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүсү;

6) кол чогултуу же шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү максатында жалпыга маалымдоо каражаттарын артыкчылыктуу пайдалануу (башка талапкерлерге салыштырганда);

7) мамлекеттик органдар жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары уюштурган, же болбосо мамлекеттик органдардын жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү катышкан массалык (ачык) иш-чараларды жүргүзүүдө үгүттөп сөз сүйлөө;

8) шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде жалпыга маалымдоо каражаттарында, үгүттөөчү басылма материалдарда аткарылган иштер жөнүндө отчетторду жарыялоо, талапкердин атынан тиешелүү шайлоо фондунун каражаттарынан төлөнбөгөн куттуктоолорду жана башка материалдарды таркатуу.

3. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын, ошондой эле мамлекеттик, муниципалдык ишканалардын, мекемелердин, мамлекеттик (муниципалдык) катышуунун үлүшү 30 пайыздан ашкан ишканалардын жана алардын түзүмдөрүнүн жетекчилеринин кызмат орундарын ээлеген талапкерлер кызматтык же кызмат ордунун абалынын артыкчылыктарын жана административдик ресурстун башка түрлөрүн пайдаланууга укуксуз.

Талапкер болуп эсептелбеген жана мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын, ошондой эле мамлекеттик, муниципалдык ишканалардын, мекемелердин, мамлекеттик (муниципалдык) катышуунун үлүшү 30 пайыздан ашкан ишканалардын жана алардын түзүмдөрүнүн жетекчилеринин кызмат орундарын ээлеген адамдар талапкерди көрсөтүү же шайлоо максатында кызматтык же кызмат ордунун абалынын артыкчылыгын жана административдик ресурстун башка түрлөрүн пайдаланууга укуксуз.

4. Ушул берененин 2-бөлүгүндө саналган чектөөлөрдү сактоо кызмат адамдарына өздөрүнүн кызматтык милдеттерин аткарууга тоскоол болбоого тийиш.

5. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмаларынын жетекчилерине, башкармалыгынын мүчөлөрүнө жана уюштуруучуларына, журналисттерге, жалпыга маалымдоо каражаттарын чыгарган уюмдардын башка чыгармачыл кызматкерлерине, эгерде көрсөтүлгөн адамдар талапкердин, саясий партиянын ишенимдүү адамы же ыйгарым укуктуу өкүлү болуп саналса, жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу шайлоо өнөктүгүн чагылдырууга катышууга тыюу салынат.

6. Ушул берененин талаптарын бузган адамдар мыйзамдарда каралган жазык же болбосо башка жоопкерчиликти тартат.